**Кыргыз Республикасынын Улуттукилимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.18.575 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, ф.и.д Айтпаева Г.А. 10.01.01–кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн берилген Сагидаева Салтанат Ариповнанын "Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары" (40-80-жылдар) деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУСУ

**1.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сагидаева Салтанат Ариповна тарабынан берилген"Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары" (40-80-жылдар) деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин багытына дал келет.

Иште 10.01.01–кыргыз адабияты адистигинин паспортуна жооп берүүчү кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхына арналган 40-80-жылдары жазылган илимий эмгектер, окуу китептерине изилдөө жүргүзүлөт.

**Иштин максаты** - XX кылымдын 40–80-жылдары кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхын изилдөө тууралуу жазылып, өз алдынча китеп болуп чыккан илимий эмгектердин адабият илимине кошкон салымын, ийгиликтери менен мүчүлүш жактарын талдап чыгуу.

Коюлган максаттар диссертацияда төмөнөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Кыргыз адабият таануу илиминде 1920–30-жылдардагы өнүгүш абалы, идеялык-тематикалык, адабий-эстетикалык изденүүлөөрдүн натыйжаларына баа берүүгө арналган алгачкы обзордук эмгектерге илимий экскурс жасоо;
2. 1940–50-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеп, системага келтирүүдөгү алгачкы аракеттерге иликтөө жүргүзүү;
3. 1960–70-жылдардагы жазылган кыргыз адабиятынын тарыхына тешелүү булактарды өз ара салыштырып, булардагы жаңы көрүнүштөрдү, мүчүлүш кеткен жактарды илимий негизде талдап чыгуу;
4. Жазуучулардын жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн алгачкы этабы, бул багыттагы оң, терс көрүнүштөргө талдоо жүргүзүү;
5. Адабий процесстин өнүгүү этаптарын обзордук иликтөөлөрдө чагылдыруу маселелерин талдоого алуу;

6. «Тарыхтарда» жазуучулардын чыгармачылык портреттерин берүүдөгү жалпылыктар жана айырмачылыктарды аныктоо;

Диссертациянын изилдөө объектиси–ХХ кылымдын 40-80-жылдарындагы кыргыз адабиятынын тарыхына арналган эмгектер болуп эсептелинет.

Иште комплекстүү анализ жүргүзүү, тарыхый-обзордук, илимий аналитикалык, диахрондук жана синхрондук аспектилерде тарыхый-типологиялык салыштыруу, анализ жана синтез ыкмалары колдонулган.

Бул 10.01.01–кыргыз адабияты адистиги боюнча изилдөөлөрүн талаптарына туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган эмгектер кыргыз адабият таануу илиминде кыйла жазылган. Алар ырааттуу түрдө жана азыркы адабият таануу илиминин көз караштары жана ыкмалары аркылуу иликтөөгө алынышы зарыл.

**3. Илимий жыйынтыктар.** Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары 40-80-жылдары атайын иликтөөнүн предметине алынгандыгын ар тараптан салыштырып талдоо аркылуу изденүүчү төмөндөгүдөй илимий корутунду-жыйынтыктарды чыгарган.

**1-жыйынтык.** 1940–1950-жылдар аралыгында кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган алгачкы эмгектердин структурасы жагынан кыйла жупуну болгон жана аларда улуттук адабияттын жаралышы жана калыптанышы жөнүндөгү маселелерди кароодо адабий-эстетикалык, тарыхый-поэтикалык принциптерге салыштырмалуу саясий-идеологиялык принциптер үстөмдүк кылган (киришүү).

**2-жыйынтык.** Алгачкы адабият тарыхчылары К.Рахматуллин, М.Богданова, Т.Саманчин жана Б.Керимжановалар болушкан жана алардын жазган «тарыхтарынын» илимий-теориялык деңгээли, фактылык материалдарга мамилелери айырмалангандыгы көрсөтүлгөн (1 бап, 1.1-1.2 бөлүмчө).

**3-жыйынтык.**1960–1970-жылдарда адабияттын тарыхын изилдөөнүн илимий деңгээли кыйла көтөрүлгөн, «тарых» атайын адистиги, даярдыгы бар профессионал адабиятчылар тарабынан жазыла баштагандыгы айтылган (2-бап, 2.1-бөлүмчө).

**4-жыйынтык.** Акын-жазуучулардын чыгармачылык портреттерин изилдөөгө алган 1960-1970-жылдарда жазылган монографиялардын кыргыз адабиятынын тарыхын жазуу ишинде ролу, мааниси зор болгондугу белгиленген. (2-бап, 2.2-бөлүмчө).

**5-жыйынтык.** ХХ кылымдын 70 – 80-жылдарында кыргыз адабиятынын тарыхын окуп үйрөнүүнүн жаңы форматы жаралган (орто жана

ЖОЖдор үчүн окуу китептери) жарык көрүп адабий процессти обзордук иликтөөлөрдө, акын-жазуучулардын чыгармачылыгын изилдөөдөгү илимийлүүлүгүнүн өнүгө баштагандыгын белгилейт (3-бап, 3.1- 3.2-бөлүмчө).

4. **Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун) жана изденүүчүнүн негиздүүлүгү жана далилдүүлүгү.**

**1-жыйынтык.** Улуттук адабияттын тарыхын түзүү багытында жаралган эмгектердеги профессионалдуулук деңгээлдин кемчилдиги, саясий-идеологиялык принциптин басымдуу орду XX кылымдын 30-40-жылдарындагы факылык материалдарга негизделип далилденген.

**2-жыйынтык.** «Кыргыз адабиятынын очерктери» (1943-ж), «Киргизская литература» (1947-ж), «Кыргыз совет адабияты XXV жылда» (1951-ж) атуу эмгектер кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхындагы адабий факты маалыматтарды камтуу, жалпылоо, талдоо, изилдөө деңгээли боюнча өз мезгилинин талабына жооп берген алгачкы эмгектерден болгондугу далилденген.

**3-жыйынтык.** XX кылымдын 60-70-жылдарында илимий –теориялык даярдыктары бар адис окумуштуулардын илимге келиши менен улуттук адабияттын тарыхын изилдөө маселеси активдүү колго алына баштагандыгы, кыргыз адабриятынын жаралыш жана өнүгүш тарыхын, ар түрдүү адабий жанрлардын өнүгүү эволюцияларын изилдеген илимий эмгектери жаралгандыгы, адабият «тарыхтарында» камтылган материалдарга кеңири анализ берүү, салыштыруу аркылуу далилдеп берген.

**4-жыйынтык.** 60-70-жылдардагы адабияттын тарыхы боюнча жазылган изилдөөдөгү ийгилик, кемчилдиктер акын-жазуучулардын чыгармачылыктарын монографиялык мүнөздө изилденишине да,байланыштуу болуп, «тарыхтардын» жазылышына оң таасир эткендигин, ошонун натыйжасында бир топ фундаменталдуу эмгектер, изилдөөлөр жарык көргөндүгүн «тарыхтан» алынган конкретүү мисалдарды талдоо аркылуу далилдөөгө аракет жасалган.

**5-жыйынтык.** 3.2.-бабындагы жыйынтыктарын 70-80-жылдары К.Артыкбаевдин«Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982-ж) жогорку окуу жайларындагы филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби кыргыз профессионал жазма адабиятынын өсүп-өнүгүш этаптарын жогорку илимий деңгээлде иликтеп жазылгандыктан, адабий портреттик жана обзордук иликтөөлөр көптөгөн адабий изилдөөлөргө илимий булак болуп бере алат деп далилдеген.

5. **Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, себеби, буга чейин 1930-1940-жылдар аралыгында кыргыз адабиятынын тарыхына тийиштүү жазылган эмгектер жана алардагы адабияттын өнүгүш тенденциялары илиздөөго алынган. Бирок кыргыз адабиятынын калыптануу жолундагы оош-кыйыштарына байланыштуу берилген баалар, көз-караштар биринчи жолу системалуу түрдө анализге алынууда.

**2-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, себеби, буга чейин кыргыз адабиятынын тарыхына илимий изилдөөлөр жүргүзгөн. Алгачкы адабият тарыхчылары К.Рахматуллин, М.Богданова, Б.Керимжановалар тарабынан алгач системага салынып изилденүүсү 1.1. 1.2. бөлүмчөсүндө диссертанттык жеке табылгалары, жаңы пикирлери басымдуулук кылат.

**3-жыйынтык.** 2.1. 2.2 бөлүмдөрүндөгү чыгарылган жыйынтык жаңы, себеби, диссертант 60-70-жылдары кыргыз адабиятынын тарыхын илимий-теориялык даярдыгы мыкты окумуштуулар тарабынан изилденип, орус жана тилдеринде, адабияттын өсүп-өнүгүш тарыхын, ар түрдүү адабий жанрлардын өнүгүү эволюциясын, системага салып иликтөөдөгү ийгиликтерди, мезгилдештирүү принцибиндеги оош кыйыштарды жаңы өңүттө карап, жыйынтык чыгарууга аракеттенет.

**4-жыйынтык.** Жаңы, себеби “кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча окуу китептериндеги обзордук жана портреттик иликтөөлөрдөгү айырмачылыктарды талдап, жыйынтык чыгарууга аракеттенет.

**5-жыйынтык.** Жаңы, себеби К.Артыкбаевдин “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” (1982-ж) кийинки чыккан тарыхтар үчүн илимий булак болуп бере алгандыгын илимий фактылардын негизинде жыйынтыктаган.

6. **Ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттердин чечилишине алынган жыйынтыктардын багытын баалоо**.

Сагидаева Салтанат Ариповнанын “Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)” аттуу кандидаттык диссертациясында коюлган маселелердин изилдөө керектүүлүгү шек туудурбайт. Иштин түзүлүшү түшүнүктүү, ынанымдуу жана иштин максатына жоопту. Баптардын өз ара байланышы тыкан жана ireттүү. Максат тыкан жана кандидаттык иштеринин денгээлине ылайыктуу келет. Коюлган маселерге келгенде, үч биринчи коюлган маселе шек туудурбайт жана кандидаттык иштин талабына жетиштүү. Ал эми 4-чү жана 6-чы маселелер даана кайчылашып турат. 5-чи маселе биринчи үч маселеде камтылат.

Иштин кээ бир кемчиликтерине көнүл буруу зарыл. Диссертациянын кээ бир жыйынтыктарынын жалпы аныкталышы жана кээ бир корутундулардын жалпы жазылышы. Алар жалпы болгондуктан жаңылыкты камтуу кыйын.

Мисалы, биринчи баптын Керимжанова тууралуу корутундусу: *“Окумуштуу Б.Керимжанова «Кыргыз совет адабияты XXV жылда» деген эмгегинде кыргыз жазма профессионал көркөм сөз өнөрүнүн 1924-жылдан 1950-жылга чейинки өнүгүшүнүн адабий фактыларын бирден тизмелеп санап өткөн эмгек катарында кабыл алынат”.* Мындай корутунду кандай жаңылыкты ачып келет? Дагы бир мисал: М. Богданова кыргыз адабиятын системалаштырды деген пикир бир нече жолу айтылат, анын китебинин мазмуну толук келтирилет, жазганы сүрөттөлөт. Бирок М. Богданова, сырттан келген илимпоз, кандай системаны түздү, аны эмнеге негизделип түзгөндүгү тууралуу даана сөз жок. Сунуш – аткарган ишке негизделип, биринчи баптын жыйынтыктарын кайра иштеп чыгуу.

Диссертацияда жана авторефератта *“К.Рахматуллин, М.Богданова, Б Керимжановалардын изилдөөлөрү, өз мезгилинде авторлордун илимий-теориялык даярдыгы жетиштүү болгондугунан кабарлайт. Ошондой болсо да адабиятчылар мүмкүн болушунча 30 – 40-жылдардагы адабий өнүгүүнүн негизги этабынын алгачкы картинасын түзүп беришкен”* – деп жазылат. Эки сүйлөмдүн байланышы даана эмес.

Иште, өзгөчо биринчи бабында, талдоо ыкмасы сүрөттө менен байкоого караганда аздык кылат. Салтанат көбүнчо сүрөттөп, байкап, андан ары талдоо жүргүзбөйт. Иштин башынан эки мисал: *“Изилдөөнүн «Советтик Кыргызстандын прозаиктери» деген бөлүмүндө жаш кыргыз прозаиктери орус, казак, татар жазуучуларынын чыгармаларынан таалим алып, Карамзиндин «Шордуу Лиза» аттуу чыгармасынын таасиринде К.Баялиновдун «Ажар» повести жазылганын айтып: «1928 году Касымалы Баялинов написал повесть «Аджар», с этой повести начинается киргизская проза» – деп жыйынтык чыгарган[Богданова, М. И. Киргизская литература [Текст] / М.И. Богданова. – М.: Сов. писатель, 13 1947.– С.190].* Ушул Богданованын жыйынтыгын өзүн талдоого алуу зарыл да, эгерде Богданованын ишинин салмагын көрсөтүүгө аракет кылсак. Баялинов алгачкы Үркүндөн таасир алып, анан Карамзинден таалим алды болуш керек. Богданова билбеген же жаза албаган нерселерди азыркы замандын изилдөөчүлөрү жазып тактап кетиши зарыл. Дагы бир мисал: Салтанат Керимжанованын иши тууралуу жазып, аны обзор таризинде жазылганын айтат. Обзор болсо, кандай обзор? Обзордун өзүнө талдоо жүргүзүлбөйт. Керимжанова ишине Алымкуловду кошпогону белгиленет, бирок эмне учун ошондой болгонуна суроо жок, изденүү байкалбайт.

Адабият таануу илим болгондон кийин анын негизги усулу – талдоо. Иштин бир топ жерлеринде жеке баа берүү жана баалоо жолугат. Мисалы: “К.Рахматуллин чыгарманы повесть деп атайт. Ошол мезгилдеги кыргыз

адабият таануу илиминин призмасынан карасак, автордун мындай жанрдык аныктама берүүсүнө **кечиримдүү** мамиле жасасак болот". Алгачкы жана өтө татаал мезгилде иштеген илимпозду кечиргенге же кечирбегенге акыбыз канчалык? Акыркы бапта А. Эркебаевдин К. Артыкбаевдин окуу китебине жазылган рецензиясы кепке алынат. Салтанат рецензенттин логикасын түшүнүүгө аракет кылбайт. Аны дароо "олдоксон, каралоочу дооматтарды коюп жиберген" деп баалайт. Диссертация таризинде жазылган иштер мындай баа берүүдөөн алысыраак болуу керек деген түшүнүк бар.

Иште өтө көп каталар жана туура эмес жазылып калган жерлер жолугат, өзгөчө орус тилинен алынгын үзүндүлөрдө: "«Жизнь Токтогула,-дейт ал-протекала по рубеже двух эпох. Его творчество стала звеном, связавшим поэзию прошлых лет с поэзией, рожденой Октябрем. За ним справедливо утвердилось слова родоначальника киргизской советской литературы) [48, 117-б.] . Үзүндүдө 5 ката бар, болгондо да сүйлөмдүн маанисин бузган каталар. Туура эмес жазылган жерлерди оңдоо керек: *«Кыргыз совет драматругиясы», "оозекичыгармачылык", "дегээли", " оргиналдуу"* жана башка өтө көп жерлер жолугат.

3 бапта К.Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхына» бир топ көнүл бөлүнгөн. Диссертант "К.Артыкбаевдин китебинин да телегейи төгөрөк тегиз деп айтууга болбойт", - дегени менен, жалаң жетишкен жактарына багыт алат. Качкынбай агайдын кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча окуу китептеринин баалуулугуна эч шек жок. Белгилүү адабият таануучуунун "окуу китеби 80-жылдарга чейинки улуттук адабияттын тарыхын толук кандуу чагылдырган кыргыз адабият таануу илиминдеги олуттуу эмгектер" экендигине дагы эч шек жок. Бул бөлүкчөнүн кемчилиги – талдоонун бир кырдуу болгондугунда. К. Артыкбаев совет учурунда, совет идеологиянын алкагында иштеген – диссертант ушул жагынан кароого тийиш эле. Бул китептин жазылганына 40 жыл болду. Аны азыркы илимпоздор толук талдоого алууга милдеттүү. Диссертант өзү маанилүү көрүнүштү айтып кетет: *" Чынында эле кимди программага өзүнчө портрет катары киргизүү керек, кимди киргизбөө керек автордун өзүнүн эркиндеги жумушу эмес. Анан калса окуу программасына 19 жазуучунун өзүнчө портрет түрүндө берилиши Кыргызстан жазуучулар союзунун макулдугу менен жана Кыргыз ССРинин жогорку жана атайын орто билим берүү министрлигинин коллегиясынын 1980-жылы 24-апрелдеги №6/4 жана 1981-жылы 26-марттагы № 5/6 чечимдери менен бекитилгендигин баса көрсөтүшүбүз керек".* Бирок бул өтө маанилүү жагдай К. Артыкбаевдин окуу китебине кандай таасир эткени талдоого алынбастан, ал А. Эркебаевдин пикиринен коргоо үчүн келтирилет.

Диссертация аталган проблема боюнча көп жакшы байкоолорду жана ой-жүгүртүүлөрдү камтыйт. Иштин негизги өзөгү жана ирети даана.

**7.Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

**Кандидаттык диссертацияда алынган төмөндөгү илимий натыйжалар ишке ашырылган:**

- орто мектептерде жана жогорку окуу жайлар үчүн атайын жазылган окуу куралдарды мазмундук жактан толуктоо,жаңылоого мүмкүндүк берет;
- студенттерге, аспиранттарга окулган лекциялык курстун курамына кошумча маалымат катары тартууланат;
- окуу жайларга кыргыз адабиятынын тарыхына арналган атайын семинарларды, адистик курстарды өткөрүүдө, алардын окуу программаларын түзүүдө пайдаланылат.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларын жарыялангандыгын тастыктоо**. Диссертациянын мазмуну автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган: Автордун диссертациясынын темасы боюнча 13 макала жарык көрүп, республикалык жана эл аралык конференцияларда 2 ирет илимий баяндама жасалган.

Изденүүчүнүн төмөндөгүдөй макалалары жарыяланган:

1. Сагидаева,С.А. Кыргыз адабиятынын тарыхына арналган эмгектер тууралуу [Текст] / С.А Сагидаева //Кыргыз Улуттук университетинин жарчысы. 2 чыгарылыш. – Бишкек, 1996. –216-223-бб.

2. Сагидаева,С.А Портреттик материалдардын ортосундагы айырмачылыктар. [Текст]/ С.А Сагидаева Кыргыз Улуттук университетинин жарчысы. 2 чыгарылыш. – Бишкек, 1997. –97-104-бб.

3. Сагидаева,С.А. Нукура тарыхый адабий чындык туура изилдөөдөн жаралат [Текст]/ С.А Сагидаева Китепте: К.Сартбаев – окумуштуу-педагог. – Бишкек, 2002. –178-182-бб.

4.Сагидаева,С.А “Кыргыз адабиятынын очерктери” жана андагы профессионал адабияттын тарыхына байланыштуу бөлүм тууралуу [Текст]/ С.А Сагидаева Китепте: Философские и правовые проблемы. Институт философии и права НАН КР. – Бишкек, 2003. –70-83-бб.

5. Сагидаева,С.А Профессионал адабиятты изилдөөдөгү алгачкы саамалыктар Китепте: Бектурсун Алымов: [Текст]/ С.А Сагидаева жыйнак. – Бишкек, 2003. 352-358-бб.

6.Сагидаева,С.А Кыргыз совет адабиятындагы обзордук материалдар тууралуу [Текст]/ С.А Сагидаева // К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл МУУилимий практикалык басылмасы. Кыргыз тили жана адабияты. – Каракол. –2011. – 178 – 183-бб.

7.Сагидаева, С.А Совет адабиятындагы обзордук материалдар тууралуу

[Текст]/С.А Сагидаева // К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл МУУилимий практикалык басылмасы. Кыргыз тили жана адабияты. – Каракол. –2011. – 183 – 188-бб.

8. Сагидаева,С.А Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгынын кыргыз адабиятынын тарыхында изилдениши [Текст]/ С.А Сагидаева //Ж.Баласагын атындагы КУУ жарчысы. Гуманитарные науки. Выпуск 1 –. Бишкек, – 2012 – 40-43-бб.

9. Сагидаева,С.А Кыргыз адабиятынын тарыхы тактыкты талап кылат [Текст]/ С.А Сагидаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш. – Бишкек, –2015.– 89-95-бб.

10.Сагидаева,С.А К.Бобуловдун “Кыргыз прозасында реализмди өнүктүрүүнүн жолдору” аттуу эмгеги тууралуу [Текст]/ С.А Сагидаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. (атайын чыгарылыш). – Бишкек, –2015.– 156-163-бб.

11. Сагидаева,С.А О книге “Очерки кыргызской литературы (1943), а также о ее разделе имеюшем отношение к истории профессиональной литературы [Текст]/ С.А Сагидаева // Наука и // Наука и образование: новое время. – Чувашия.Чебоксары.–2018.–95-103стр.– https:elibrary.ru/item.asp?id=35556953

12.Сагидаева, С.А Объективные и негативные явления в исследовании литературного процесса 60-х и 70-х годов [Текст]/ С.А Сагидаева // Наука и образование: новое время. – Чувашия.Чебоксары, – 2018. – 73-77 стр.https:elibrary.ru/item.asp?id=29786265

13.Сагидаева,С.А XX кылымдын 1-жарымындагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү маселелер (“Кыргыз совет адабиятынын очерктеринин материалдарында) [Текст]/ С.А Сагидаева // “Национальные лингвосферы сопредельные зоны партнерства” (Ч.Т.Айтматова). – Бишкек, 24 – 26 октября 2018 г. –2018.–59-66-бб.https:elibrary.ru/item.asp?id=37114939

**9. Автрефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Автрефераттын окшол түзүлгөн кыргыз, орус жана ангилис тилдериндеги резюмеси бар.

**10. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Кандидаттык диссертация боюнча 10.01.01- кыргыз адабияты адистиги боюнча тажрыйбалуу жетектөөчү уюмду жана изилдөөнүн максатына чукул эмгектери бар адистери боюнча маселени жалпы Советтин талкуусуна коемун.

Сагидаева Салтанат Ариповна кандидаттык диссертациясын өөдө айтылган пикирди этибарга алып, кошумча иштеп чыгышы зарыл. Андан кийин С.А. Сагидаеванын 10.01.01 . – кыргыз адабияты адистиги боюнча

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн берген «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөө этаптары (40-80-жылдар) кандидаттык диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу түзүлгөн филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертацияларды коргоого боюнча Д 10.18.575 диссертациялык кеңешине коргоого коюлушу мүмкүн.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,

филология илимдеринин доктору, доцент ____________ Г.А Айтпаева

Эксперттик комиссиянын колун тастыктайм.________________

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты Н.Т.Ыйсаева